**<u>2018-жылдын 1-чейреги үчүн Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүктү (оверсайтты) жүргүзүүнүн жыйынтыктары тууралуу отчет</u>**

## I. Улуттук төлөм системасынын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү.

### 1. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары - ГСРРВ)


*<u>ГСРРВда орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктер</u>*. 2018 - жылдын I чейрегинде ГСРРВ системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча жүгүртүү коэффициентинин 13,10 пайызга төмөндөшү байкалган, жыйынтыгында анын мааниси 0,82 чегинде түптөлгөн. Системада ликвиддүүлүк коэффициенти 15,08 пайызга – 1,22 чейин өскөн. Коэффициенттин мындай өзгөрүүсү системада акча каражаттардын калдыктарынын көбөйүүсүнөн (31,80 пайызга), ошондой эле катышуучулардын операциялык күн ичинде дебеттик жүгүртүү суммасынын (14,53 пайызга) көбөйүүсүнөн улам келип чыккан. Бул өзгөртүүлөр 1- жана 2-графиктерде чагылдырылган.



1-график. ГСРРВдагы финансылык тобокелдиктер деңгээли



2-график. ГСРРВдагы ликвиддүүлүк жана төлөмдөр көлөмүнүн орточо күндүк көрсөткүчүнүн өзгөрүү динамикасы.



3-график. Кезектеги төлөмдөрдүн саны жана үзгүлтүккө учуроонун суммардык убактысы



4-график. ГСРРВдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы

Система боюнча жалпы жүгүртүүлөр 872,14 млрд сомду түзгөн, бул өткөн мезгилдин тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 5,7 пайызга жогору түптөлгөн. Мындай абал Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу ишке ашырылган операциялар көлөмүнүн өзгөрүшүнөн улам келип чыккан.

Ликвиддүүлүк деңгээлине карата төлөмдөр көлөмүнүн катышына жүргүзүлгөн талдап-иликтөөнүн негизинде, система ичинде жүгүртүүгө карата ликвиддүү каражаттардын жетиштүү көрсөткүчүнөн улам, системада финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калгандыгын белгилей кетүүгө болот.


Катышуучулардын төлөмдөрүнүн кезекке туруп калышы системада орун алышы мүмкүн болгон финансылык тобокелдиктердин кошумча белгилеринен болуп саналат, бул катышуучунун ликвиддүү акча каражатынын жетишсиздигин мүнөздөйт. Отчеттук мезгил ичинде ГСРРВ системасында кезекте турган төлөмдөр катталган эмес.

<u>Системада орун алышы ыктымал болгон операциялык тобокелдиктер.</u> ГСРРВ системасынын ишине жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр техникалык үзгүлтүктөрдү жана операциялык күндү узартууну эске алганда, жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 2018-жылдын I чейрегинде 99,88 пайызды түзгөндүгүн көрсөткөн. Ошол эле учурда системадагы операциялык тобокелдиктин деңгээли 4,50 пайыздын чегинде түптөлгөн (өткөн мезгилдин көрсөткүчүнөн 1,42 пайызга жогору). Узартуулардын суммардык мөөнөтү 23 саат 00 минутаны түзгөн, анын ичинен ишти узартуунун максималдуу убактысы – 3 саат 45 минутаны (2018-жылдын 12-мартында) түзгөн.

Бул бузулуулар Улуттук банктын тарифтик саясатына жана Улуттук банк Башкармасынын айдын акыркы 3 күнүнүн ичинде бюджеттик төлөмдөрдү иштеп чыгуу боюнча атайы чечимине ылайык жөнгө салынат.

## 2. Пакеттик клиринг системасы


*<u>Пакеттик клиринг системасында орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктер</u>*. Отчеттук мезгил ичинде акча каражаттардын белгиленген камынан дебеттик таза позициянын артышына байланыштуу фактылар системада катталган эмес. Төмөнкү графикте көрсөтүлүп тургандай эле, катышуучулар пакеттик клиринг системасы ичинде акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн талаптагыдан да көбүрөөк каражатты резервге коюшууда.



5-график. 2018-жылдын 1-чейреги ичинде Пакеттик клиринг системасындагы дебеттик таза позициянын суммардык маанисинин жана анын ордун жабууга каралган камдын катышы (млн сом)

Ошентип, отчеттук мезгил ичинде катышуучулар тарабынан дебеттик таза позициянын ордун жабууга карата коюлган кам ликвиддүү каражаттардын зарыл деңгээлинен 3,7 эсе ашкан.

Пакеттик клиринг системасында четке кагылган төлөмдөрдүн жалпы саны 54,54 млн сом суммасында (иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 0,13 пайызы) 1 483 төлөмдү түзгөн (системада иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы санынын 0,07 пайызы). “Төлөмдүн туура эмес коду” - четке кагылган төлөмдөрдүн негизги себебинен болгон.



6-график. Коммерциялык банктардын Пакеттик клиринг системасы тарабынан четке кагылган төлөмдөрүнүн саны

*<u>Системада орун алышы ыктымал болгон операциялык тобокелдиктер.</u>* 2018-жылдын I чейрегинде пакеттик клиринг системасынын ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча жалпы узактыгы 13 минуталык эки кыска мөөнөттүү техникалык үзгүлтүктөн улам, системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 99,95 пайызды түзгөн, ал эми системада операциялык тобокелдик деңгээли 9,30 пайыз чегинде түптөлгөн. Мындан көрсөткүчтүн орун алышына системанын иш регламентинин узартылышы, ошондой эле техникалык үзгүлтүктөр таасирин тийгизген. Катышуучулар тарабынан системанын узартуу мезгилинин суммардык убактысы 15.00 сааты түзгөн болсо, анын ичинен 2 саат 30 минута эң максималдуу убакытты түзөт.



7-график. 2018-жылдын 1-чейреги үчүн Пакеттик клиринг системасында жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин үлүшү

### 3. «Элкарт» улуттук төлөм системасы



8-график. Бирдиктүү банктар процессинг борборуна операциялык тобокелдиктин жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн катышы

*Системада орун алышы ыктымал болгон операциялык тобокелдиктер*. Маанилүү төлөм системаларынын ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жана талдап-иликтөөнүн жыйынтыгында, *«Элкарт» улуттук төлөм системасында* системанын жеткиликтүүлүк деңгээли 2018-жылдын I чейрегинде 98,90 пайызды түзгөн. Техникалык үзгүлтүктөрдүн натыйжасында системада орун алган операциялык тобокелдиктер 1,09 пайызды түзгөн.

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* үзгүлтүктөр анчалык мааниге ээ эмес.

### 4. SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн ишине контролдук

*Системада орун алышы ыктымал болгон операциялык тобокелдиктер.* 2018-жылдын I чейреги ичинде техникалык үзүлтүктөр катталган эмес, системанын жеткилүктүүлүк коэффициенти 100,0 пайызды түзгөн. SWIFTке туташуу жана аны пайдалануу жөнүндө келишимге ылайык штаттан тышкаркы жагдайлар келип чыккан шартта коммерциялык банктар билдирүүлөрдү өткөрүүнүн альтернативалык каражаттарын ишке пайдаланууга тийиш.

SWIFT системасында операциялык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калган.

## II. Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын катышуучуларынын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү.

### 5. Төлөм карттарын пайдалануу аркылуу эсептешүүлөр системасында орун алган алдамчылык транзакциялар

Коммерциялык банктардан мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун алкагында алынган маалыматтарга талдап-иликтөөнүн жыйынтыгында 2018-жылдын I чейреги ичинде эл аралык VISA Int. системасынын карттарын пайдалануу аркылуу 11 шектүү операция катталган. Алардын баары алдамчылык операция катары каралган. Мындай операциялардын орто эсеп боюнча суммасы 45,32 миң сомду түзгөн.

1-таблица. Банктык карттарды пайдалануу аркылуу алдамчылык ыкмалар боюнча маалымат

| *Митаамчылык ыкмасы* | *2017-ж. 2-чей.* | | *2017-ж. 3-чей.* | | *2017-ж. 4-чей.* | | *2018-ж. 1-чей.* | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* |
| **Интернет-транзакция** | **67** | **254 791,70** | **16** | **21 456,70** | **6** | **58 339,23** | **11** | **45 318,07** |
| *-Visa* | 67 | 254 791,70 | 16 | 21 456,70 | 6 | 58 339,23 | 11 | 45 318,07 |
| **POS-терминал аркылуу** | **5** | **833 546,30** | **6** | **35 690,70** | - | - | - | - |
| *-Visa* | 5 | 833 546,30 | 6 | 35 690,70 | - | - | - | - |
| **Накталай түрдө алуу** | **4** | **16 000,00** | **45** | **1 858 725,69** | - | - | - | - |
| *-Visa* | 4 | 16 000,00 | 3 | 37 637,50 | - | - | - | - |
| *-Элкарт* | - | - | 42 | 1 821 088,19 | - | - | - | - |
| **Блокировкаланган транзакциялар** | - | - | - | - | - | - | - | - |
| *-Visa* | - | - | - | - | - | - | - | - |
| **Бардыгы** | **76** | **1 104 338,00** | **67** | **1 915 873,09** | **6** | **58339,23** | **11** | **45 318,07** |


Финансылык жоготуулардын келип чыгуу себеби негизинен алдамчылык менен банк картынын маалыматтарын компрометациялоодон жана аны интернет-транзакциялар аркылуу санцияланбаган операциялар үчүн колдонуудан улам келип чыккан. Банктар компрометациялоо түйүндөрүн аныктоо үчүн иш жүргүзгөн. Мындай карттар блокко түшүрүлүп, карт ээлерине акча кайтаруу үчүн териштирүү иштери жүргүзүлүүдө.


### 6. Системанын катышуучулары жагында төлөм системаларынын ишинин үзгүлтүксүздүгүнө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү

Банктардын отчетторуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөнүн жыйынтыгында, 2018-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын төлөм системаларынын ишинде 345 штаттан тышкаркы жагдай катталган, анын ичинен олуттуу үзгүлтүктөрдүн үлүшү 69,86 пайызды түзгөн, ал эми маанилүү эмес мүнөздөгү үзгүлтүктөр 30,14 пайызды түзгөн

Ошентип, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүүгө мүмкүн:

- *энергия менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр* – төлөм системаларынын ишинде штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 37,39 пайызды түзгөн.
- *байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 28,12 пайызды түзгөн.
- *аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде орун алган үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 34,49 пайызды түзгөн.




Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү: бул үзгүлтүктөр финансылык жоготууларга жол берген эмес, бирок алар кардарлардын банктык кызмат көрсөтүүлөргө жана төлөм системасынын ишине карата ишенимине терс таасирин тийгизүүдө. Мында, коммерциялык банктардын пайда албай калуу тобокелдиги да бар. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык банктар үзгүлтүксүздүктү камсыз кылуу булактары менен жабдылууга тийиш, бирок отчеттук мезгил ичинде бул талаптарды бузуу фактылары да аныкталган. Электр энергиясынын өчүрүлүшү банктардын аралыкта орнотулган айрым жабдууларын пайдаланууга кесепетин тийгизген.